
# АБЫЛКАСЫМ ЖУТАКЕЕВ



БИШКЕК – 2019

Нарын облустук
китепканасы
№ 58250

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
А 18

А 18 Абылкасым Жутакеев: Чыгармалар жыйнагы/ Түзүп, баш сөзүн жазган К. Ибраимов. – Б.: «Maxprint», 2019. – 372 бет.

ISBN 978-9967-13-974-9

Бул жыйнактын биринчи бөлүмү акын өзү колу менен жазып калтырган жана эл арасынан жыйналган чыгармалардан турат. Экинчи бөлүмгө акындын өмүр жолу, чыгармачылыгы жөнүндө изилдөөлөр, макалалар топтолду. Китеп Абылкасым Жутакеевдин 130 жылдык юбилейине утурлай даярдалды.

А 4702300200-19

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-13-974-9

© Түзгөн Ибраимов К., 2019

## АБЫЛКАСЫМ ЖУТАКЕЕВДИН КӨРКӨМ-АДАБИЙ МУРАСТАРЫ

Абылкасым Жутакеев – жазгыч акын, кол жазма адабиятынын ири өкүлү. Төкмөлөрдөн айырмаланып, жазгыч акындар кат тааныгандыктан өз чыгармаларын кагазга түшүрөт, ондоп-түзөйт, чыгармачылык процессти баштан өткөрөт. Бирок ошол эле учурда төкмөлүк өнөр да кала берет. Абылкасым – ошондой акындардын бири. Өткөн доордо жашап, жетимчилик менен жакырчылык жанына баткан акын адилетсиз заманды ашкерелеп ырдап келсе, Совет бийлигин кубана тосуп алып, жаңы заман жарчысы, тап күрөшүнө активдүү катышкан батрак-кедейлердин ырчысы болду. Анын сакталып калган чыгармалары анчалык деле көп эмес, бирок ошол эле чыгармалары менен кыргыз адабиятынын тарыхында өз ордун таап, акындар поэзиясына зор салым кошуп кеткен акын.

Абылкасым Жутакеев бар болгону кырк үч жыл өмүр сүргөн. Анын басып өткөн өмүр жолу тууралуу кеңкесири, толук маалымат жок. 1925-жылы өз колу менен жазып, билим комиссиясына тапшырган өмүр таржымалы табылбай калган. Азыр айтылып, жазылып келаткан маалыматтарга караганда Абылкасым Жутакеев 1888-жылы азыркы Нарын районунун Жан-Булак айылында, ошол кездеги административдик-территориялык аталыш боюнча Жети-Суу областы, Каракол уезди, Нарын участкасындагы Жан-Булак айылында жарык дүйнөгө келген. Абылкасым ата-энесинен эрте ажырайт: төрт жа-

шында энеси Уулча, көп узабай атасы Жутакей каза болот. Жетим калган Абылкасымды жакын туугандарынын бири Эшимбек колуна алып бага баштаганда ал адам да көз жумат. Ошентип, жетимдик башка түшөт, Мусабай деген байга малай жүрүп, күн өткөрөт.

Болочок акындын энеси Уулча жомокчу, кошокчу болсо, атасы Жутакей чоң молдо болгон экен дешет. Ошондон уламбы акын жаштайынан кат таанууга аракеттенип, чыгармачылыкка жакын, чыйрак өсөт. Жетимдигине карабай айылдагы Коңурбай молдонун үйүндө жү- рүп, кызматын кылып, акысына кат таанып алат. Кийин Ат-Башынын Ак-Жарына тууган издеп көчүп барганда Буудайчы деген чоң молдодон билимин улантат. Дин мектебинен окуган[1], Чойбек уулу Абдрай менен кошо үйрөнүп жүрүп кат таанып алган[2] дегендей маалыматтар да бар. Эмнеси болсо да өз аракети менен жазганды үйрөнүп, ырларын кагазга түшүргөнгө жарап калса керек.

Абылкасым кыйынчылык, жокчулук турмушту, айрыкча, үркүн жылдарындагы үрөй учурган трагедиялуу окуяларды эл менен бирге өз башынан өткөрүп, анан жаңы заманга, Совет бийлигине туш болду. Аны акын өзгөчө зор кубаныч менен тосуп алды. Ойго келбеген жаңыча жашоо, бурулуш жылдары башталды. 1920-жылы Алма-Атадагы алты айлык мугалимдер курсун бүтүрүп келгенден кийин Ат-Башыда алгачкылардан болуп мектеп ачкан. Туюк-Богошту деген жердеги Кулчундун тамын мектеп кылып, ошого балдарды чогултуп окута баштаган[3]. 1922-жылы Коммунисттик партиянын катарына

---

[1] *Абылкасым Жутакеев.* Ленин кошогу. Ырлар жана поэмалар. – Ф.: Кыргызмамбас, 1957. – 3-б.

[2] 1968-жылы Эшимбеков Салбардан жазылып алынган маалымат. – КФ. инв. № 25/218.

[3] *Эсенканов А.* Агартуучу да, акын да...//«Советтик Кыргызстан», 1988. – 10-ноябрь. – 5-б.

өткөн. Эл арасында кадр-барк күтүп, таанылып калган А. Жутакеев 1923-жылы Нарын уездиндеги «Союз кошчу» уюмунун төрагалыгына дайындалат. Бул «Союз кошчуга» ошол кездеги Кара-Тоо, Олдомор, Ак-Жар, Ак-Моюнда жашагандар бириккен. Айыл чарбасын коллективдештирүү мезгилинде Ак-Жар бириккен чарбасын уюштурууга активдүү катышып, анын биринчи башкармасы болгон. Ошентип Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып жооптуу кызматтарда иштей баштаган Абылкасым Жутакеев өкмөт менен партиянын тапшырмаларын чын дили менен талыкпай аткарууга киришкен. Ага чейин эле бала окутуп жүргөндө тамга таанытуудан мурда «эркиндик, теңдик, жаңы заман» жөнүндө окуучуларынын кулагына куюп, эсте тутуп калгыдай кылып түшүндүрчү экен[1]. Ал «Союз кошчу» уюмун жетектеп турганда жалданып иштеген жарды-жалчылардын эмгегин коргоп, аларга эмгек акыны келишимдердин негизинде төлөп берүү боюнча чоң иштерди жүргүзөт. Келишимди бузган байларды сот жообуна тарттырып, батрактардын эмгек акысын өндүрүп берип турган[2]. Абылкасымдын мындай иш-аракеттери эзүүчү таптын өкүлдөрүнө жаккан эмес. Алар карап турмакпы, Абылкасымга жалган жалаа жаап, ага каршы ар кандай ушак-айыңдарды таратышат.

Акын ушинтип Совет өкмөтүнүн камкордугуна бөлөнүп, өзү да жан үрөп иштеп турганда бел ооруга (сөөк учук) чалдыгат. Бул оору буга чейин жазылып жүргөндөй 1926-жылы эмес, 1924-жылы эле башталса керек. Анткени анын өзүнүн бир ырында «Даба берсе дартыма, Жашым отуз алтыда… Өтүп кетсем дүйнөдөн, Сөзүм калсын артымда» деп, отуз алты жашында ооруп калганын

---

[1] *Эсенканов А.* Ырчылыгы ишмердигине айкалышып… – 2. // «Нарын правдасы», 1988. – 6-октябрь.

[2] *Жаналиев Н.* Өз табынын ырчысы//«Нарын правдасы», 1978, 21-сентябрь.

жазат эмеспи. Абылкасым оорудан арылуунун айласын издеп Ысык-Көлгө Койсарыга барып, Алматы, Ташкент доктурларына чейин кайрылат. Акыры Кызыл Жарым Ай коомунун жардамы менен[1] 1931-жылы август айында Крымга дарылануугa барып, кайра кайтпай, 1931-жылы каза болгон. Басма бетине жарыяланган маалыматтардын бирине караганда Абылкасым Крымга баргандан кийин үй-бүлөсүнө эки жолу кат келет. Экинчи каты Ат-Башыга кышында келген. Анда: «Эки кил эт коштум. Кадимки кулун сынына келдим. Айыктым. Туз-насип буюрса жакында барып жүздөшүп калаарбыз» – деп жазган. Бирок ал кыш да, келерки кыш да өтөт. Абылкасымдан дайын жок. Эки жыл өткөндөн кийин акынды үй-бүлөсүнө угузат. Ошол кезде поезд кыйроого учурап, Абылкасым да ошол поездде экен, кийин аныкталды деп айтышыптыр угузгандар[2]. Демек акындын сөөгү эл-жерине жетпептир, өлүмү жөнүндөгү маалыматтар бүдөмүк бойдон калат. Акындын дүйнөдөн кайткан жылы жөнүндө да бир беткей маалымат жок. К.Маликов 1932-жыл десе, С. Байкожоев, К. Кырбашев өңдүү бир катар авторлор 1933-жыл деп эсептейт. Абылкасым Жутакеевдин көзү өтсө да, анын артында көркөм сөз казынасын толуктай турган түбөлүктүү адабий мурасы калды.

Абылкасым Жутакеевден бир уул, эки кыз калган: уулу – Союз (Мукамбеткалый), кыздары – Расия, Төлөбүбү. Атам кедейчилик, жетимчиликтен улам кеч үйлөнүптүр. Апам күйөөсүнөн 26 жашында калган. Жаш калгандыктан кийин күйөөгө чыккан. Ал киши көлдүк болчу, бизди Көлгө алып кеткен. 1941-жылы айылга кайра келип, согуш чыгып

---

[1] Муну акындын жазган ыр саптары ырастайт. Анткени, айрымдары Жазуучулар Союзу жиберген десе, айрымдары Өкмөттүн камкордугу менен барган деп жазып келген.

[2] *Эсенканов А.* Ырчылыгы ишмердигине айкалышып... - 2. // «Нарын правдасы», 1988. – 6-октябрь.

калгандыктан окубай калдым деп жазат уулу Союз[1]. 1979-жылы Кыргызстан Жазуучулар Союзунда Абылкасым Жутакеевдин 90 жылдыгына арналган салтанаттуу жыйын өткөрүлүп, карыя журналист Н. Жаналиев баяндама жасаган. 1981-жылы Жан-Булак айылындагы орто мектепке Абылкасым Жутакеевдин ысмы берилген. 1988-жылы акындын 100 жылдык юбилейин белгилөө боюнча токтом кабыл алынган. Даярдык көрүлө баштаганда, тилекке каршы областтын борбору Ысык-Көлгө которулуп, ал юбилей өткөрүлбөй калган.

* * *

Абылкасым айылдык молдолордон кат таанып алгандан кийин айрым чыгармаларын кагазга түшүрүп жүрүшү толук мүмкүн.

Көңүлдө сырды жазууга,
Кол жазма – менин дептерим ...

деген ыр саптары бул ойду ырастайт. Бирок андай кол жазмалары бизге жеткен жок. Чыгармачылыгы эрте ойгонуп, бала кезинен ырдап жүргөнү менен сакталып калган чыгармалары анчалык көп эмес. Болгону эки жыл аралыгында, 1924–1926-жылдардын ичинде өзү жазып калтырган айрым чыгармалары жана кийин эл арасынан топтолгон бирин-серин ырлары бар. Ал чыгармалары төмөнкүлөр:

*Биринчи* – өзү жазып, Билим комиссиясына жөнөткөн чыгармаларынан сакталып калганы: 1924-жылы «Ленин кошогу», «Ленинди жоктоп батрактардын кошогу», 1926-жылы «Качак турмушу», «Үч доор», «Кесел кедейдин арманы». Мындан тышкары өзү жазып калтырган маалыматка караганда «Орто Азия улут чек арасына карай бөлүнгөндөгү ыры» (жазылган жылы бел-

[1] Акындын уулу Союз Абылкасымов жазып калтырган кол жазма материал. 1993-жыл, июль. Өздүк архив, 23-бет.

гисиз, 1924-жыл же 1925-жыл болушу мүмкүн – *И. К.*), 1925-жылы жиберген «12 бап адабияты» жана ошол эле жылы Э. Арабай уулуна тапшырган «Лениндин экинчи кошогу», акындын өзү жөнүндө жазган таржымалы болууга тийиш эле. Тилекке каршы бул кол жазмалары дайынсыз жоголгон. А. Жутакеевдин чыгармаларын кайрадан көчүргөн кол жазма түрүндөгү жана машинага басылган бир нече нускасы бар. Бирок ал көчүрмөлөр өтө так болбогондуктан, жарык көргөн жыйнактарга тескери таасирин тийгизген. Кээде кол жазмага кимдир бирөөлөр кийлигишип, автор койгон темаларды өзгөртүп койгон учурлар кездешет. Айрым чыгармаларын 1932-жылы Белек Солтоноев көчүрүп алган.

*Экинчи* – эл арасынан жыйналган чыгармалары: «Эл качканда», «Чегиртке каптаганда», «Ленин кошогу», «Абдырай өлгөндөгү кошок», «Түрмөдөгү ыр», «Базар». Бул аталган чыгармаларды 1968-жылы Эшимбеков Салбардан Сарымсаков Абдырай жазып алган. Ал эми акындын уулу Союз 1948-жылдан тартып, эл ичинен атасынын ырларын жазып алууга көп аракет жасап, жыйнаган материалдарын Кол жазмалар фондусуна тапшырып турган. Ал чыгармалар: «Жокчулук», «Какшатып алдың чыгымды», «Арык каздырган төрөгө», «Коммунисттик партия», «Эркин-Тоо», «Ыракмат тууган энеге», «Раатчы», «Союз кошчу». Бул ишин ал андан ары да тынымсыз уланта берген. Шүкүрбек Бейшеналиев 1988-жылы жазган бир макаласында: «Акындын мураасчысы Союз Абылкасымов жакында Жазуучулар Союзуна атасынын жазган, айткандарынын жаңы түрмөгүн табыштады... анын журтчулуктун кеңири катмарына белгисиз ырларынын айрымдарын окурмандарга сунуш кылуу маселеси да каралууда»[1] – деп жазган. Бул тап-

---

[1] *Бейшеналиев Ш.* Алгачкылардын бири: /Акын А. Жутакеевдин 100 жылдыгына карата// «Кыргызстан маданияты», 1988. – 10-ноябрь. – 5-б.

шырылган кол жазмалар кайда калганы белгисиз. Бирок ошолбу, же башкабы акындын уулу Союздун 1993-жылы жазып калтырган кол жазма материалдарынын сакталып калышы Абылкасымдын адабий мурасын кыйла толуктап, чыгармачылыгы жөнүндө тереңирээк маалымат берип, байытып турат десек болот. Мындан сырткары акындын токсон жана жүз жылдык юбилейине карата жарыяланган макалаларда эл ичинде айтылып калган айрым бир ырларынан үзүндүлөр бар.

Ошентип, толук болбосо да, Абылкасымдын ар түркүн чыгармаларынан аздыр-көптүр сакталып калып, аны көркөм адабият башатында турган жазгыч акындардын ири өкүлдөрүнүн бири катары таанып отурганыбызга шүгүрчүлүк. Анын чыгармаларынын сакталып калган кол жазмалары тууралуу бул китептин акырындагы «Түшүндүрмөдө» кененирээк маалымат берилет.

Ушул жогоруда айтылган кол жазмалардын негизинде акындын чыгармалары үч ирет өзүнчө жыйнак түрүндө басылып чыккан. Биринчи ыр жыйнагы 1957-жылы 4000 нуска менен жарык көргөн[1]. Көлөмү эки басма табакка чыкпайт. Китепчедеги ырлар ага чейин чыккан «Жазгыч акындар» (1956) аттуу жыйнактан алынган. «Абылкасымдын бизге жеткен ырлары бардыгы болуп тогуз тема»[2] – деп, «Ленин кошогу», «Кеңеш өкмөтү», «Үч доор», «Качак турмушу», «Кайран эл», «Кайткан эл», «Жетимдик», «Кесел кедейдин арманы», «Жаңы конуш» деген чыгармаларын кыскартуулар менен жарыялаган. Жыйнакты ким түзүп, чакан баш сөздү ким жазганы белгисиз.

Экинчи жыйнагы 1974-жылы 10 000 нуска менен басылып чыккан, көлөмү төрт басма табактан ашат[3].

[1] *Абылкасым Жутакеев.* Ленин кошогу (Ырлар жана поэмалар). – Ф.: Кыргызмамбас, 1957. – 49 бет.

[2] Ошондо, 3-бет.

[3] *Жутакеев Абылкасым.* Ленин кошогу. Ырлар жана поэмалар. – Ф.: «Кыргызстан», 1974. – 128-бет.

Жыйнакты Жаки Таштемиров түзүп, баш сөзүн жазган. «Колдо бар материалдардын баары дээрлик акындын азыркы жыйнагына топтоштурулуп, кээ бир чыгармалары кыскартылган түрүндө берилди»[1] – дейт. Чындыгында эле акындын негизги чыгармалары ушул жыйнактан орун алган. Бирок өкүнүчтүү жагы айрым көлөмдүү чыгармаларынын ошол мезгилдин идеологиясына, улут саясатына байланыштуу кыскартылып берилгендигинде. Кубанычбек Маликов учурунда бул жыйнакты окурмандардын сүймөнчүлүгүнө ээ боло турган «салабаттуу» жыйнак катары баалап, ошол эле учурда бир катар кемчиликтерин да көрсөткөн эле. Анын пикирине караганда акындын кайсы бир ырлары кайталанган, айрым ырларына «түзөтүүлөр» киргизилген, бирок андай түзөтүүлөр чыгарманын маанисине да, көркөмдүгүнө да пайда келтирген эмес, китептин сүрөт жасалгасы да А. Жутакеевдин поэзиясынын рухун анча таба алган эмес, көркөмдүк деңгээлине даражалаш келе албайт. Ошондой эле жыйнактагы чыгармалар кайдан алынып, кимден жазылганын көрсөтсө, айрым түшүнүктөргө түшүндүрмө берилсе жакшы болмок, анткени бул өтө маанилүү нерсе деп эсептейт[2].

Акындын туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата 1988-жылы үчүнчү ыр жыйнагы 3000 нуска менен жарык көргөн[3]. Китепти Жаныбек Төлөев түзүп, коомдук башталышта чакан кириш сөз жазган. Мурдагы жыйнактарга салыштырганда өтө эле жупуну. Түзүүчү өзү да «жыйнак болбой эле «жыйнакча» болуп калды»[4] деп, көңүлү тол-

[1] Ошондо, 14-бет.

[2] *Маликов К.* Кыргыздын таланттуу акыны // «Кыргызстан маданияты», 1975, 7-август, 12–13-бет.

[3] *Абылкасым Жутакеев.* Ленин кошогу: Ырлар/Түзгөн жана коомдук башталышта кириш сөзүн жазган Ж. Төлөев. – Ф.: «Кыргызстан», 1988. – 32 бет.

[4] *Төлөев Ж.* Жаңы доордун жарчысы // «Кыргызстан маданияты», 1988, 10-ноябрь. 5-бет.

бойт. Белгилей кетчү нерсе, ушул жыйнактагы «Аралап терме» деп аталган акыркы чыгарма Абылкасымдыкы болду бекен? Далилдей турган маалымат жок. Анткени, А. Жутакеевге тиешелүү деп эсептелген кол жазмаларда да, мурда басылып чыккан жыйнактарда да мындай чыгарма жолукпайт. Балким кандайдыр бир далилдүү фактынын негизинде жыйнакка киргизилген чыгар. Бирок акындын чыгармачылыгында бул терме ыр эмнегедир жападан жалгыз экендигин, экинчи жолу бул жанрга автор кайрылбагандыгын адабиятчы Л. Үкүбаева да белгилеп өткөн[1].

Абылкасым Жутакеевдин айрым чыгармалары бул жыйнактарга чейин эле жарык көрүп келген. Кубанычбек Маликовдун жазган маалыматына караганда акындын алгачкы чыгармасы 1925-жылы «Ленинди жоктоп батрактардын кошогу» деген ат менен жарык көрүп, «кыргыз жаштарынын көбү бул казалды жаттап алышып обонго салып ырдап жүрүшчү»[2] экен. Чындыгында акындын эң көп жарыяланган чыгармасы да – «Ленин кошогу». Анын себеби түшүнүктүү. Кийинчерээк 1937-жылы «Кызыл Кыргызстан» газетасынын 21-январдагы санына, андан кийин «Октябрь шаңы» (1957), «Достук үнү» (1963), «Ленин биздин күнүбүз» (1970) сыяктуу бир катар китептерде басылып чыкты, акындын бардык жыйнактары ушундайча аталып, ушул ыр менен башталат. Ал эми акындын негизги чыгармалары (тогуз чыгармасы) С. Байкожоев тарабынан түзүлгөн «Жазгыч акындар» аттуу ырлар жыйнагында 1956-жылы эле жарык көргөн эле. Ал чыгармалар, албетте, кийинки жыйнактарда кайталанып отурду. Ошентип, акын өз учурунда канчалык кайрылып кат жазганы менен «Ленин кошогун» эске

---

[1] *Үкүбаева Л.* Жазгыч акындардын чыгармачылыгы: Окуу куралы. – Б., 1994. – 92-бет.

[2] Жогорку макаласы, 21-бет.

албаганда жазып өткөргөн чыгармалары көзүнүн тирүүсүндө жарык көргөн эмес, ал турсун айрым кол жазмалары дайынсыз жоголуп да кеткен.

Акындын чыгармачылыгы жөнүндө өткөн кылымдын элүүнчү жылдарында сөз боло баштайт. 1956-жылы акындар чыгармачылыгын изилдеп жүргөн окумуштуу Сейиткасы Байкожоев «Жазгыч акындар» ыр жыйнагын түзүп[1], Абылкасым Жутакеевдин өмүр таржымалы, чыгармачылыгы жөнүндө алгач ирээт маалымат берсе, кийинчерээк басылып чыккан ушундай эле аталыштагы илимий очеркинде[2] акындын чыгармачылыгына атайын бөлүм арналып, кененирээк сөз болот. Ал эми Абылкасымдын адабий мурастары жөнүндөгү илимий макаланы алгачкылардан болуп адабиятчы Байдылда Маленов жазган[3]. Азыр окуу китептеринде, маалымат берүүчү адабияттарда, энциклопедияларда акындын өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө учкай маалымат берилет. Ал эми «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктеринде» (1988), «Кыргыз адабиятынын тарыхында» (4 том, 2002), окумуштуулар С. Байкожоев менен К. Кырбашев жазган атайын портреттик бөлүмдөр бар. Окумуштуу Лайли Үкүбаева болсо Абылкасым Жутакеевдин чыгармачылыгын кийин табылган жаңы материалдар менен толуктап жазып чыкты[4]. Бирок канткен менен да Абылкасым Жутакеевдин чыгармачылыгы терең изилденип, өзүнө ылайык, татыктуу баасын ала элек десек болот.

---

[1] Жазгыч акындар (Ырлар жыйнагы)/ Түзгөн: Байходжоев Сейиткалы). – Ф.: 1956. – 133-бет.

[2] *Сейиткалы Байкожоев.* Жазгыч акындар (Кыскача очерк). – Ф.: Кыргыз ССР Илимдер академиясынын басмасы, 1959. – 75-бет.

[3] *Маленов Б.* Батрактар жарчысы. – «Ленинчил жаш», 1958, 27-июль.

[4] *Үкүбаева Л.* Жазгыч акындардын чыгармачылыгы: Окуу куралы. – Б.: 1994. – 98-бет.

Анан да, бир жагынан, анын акындык жүзүн ачып бере турган чыгармалары толук сакталбай калып өкүндүрсө, экинчи жагынан, эбак басылып чыгып, азыр табылбай калган чакан ыр жыйнактары кийин колго тийген чыгармалары менен толукталып кайрадан басылбагандыктан, окурман эл, кийинки муун Абылкасымдан кабарсыз турат.

* * *

Адабиятчы Лайли Үкүбаева А. Жутакеевдин бизге калтырган адабий мурастарын мазмунуна карап үч мезгилге бөлөт: «Биринчиси – акындын алгачкы чыгармачылыгы, экинчиси – үркүн мезгили, үчүнчүсү – Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинен кийинки учур – совет мезгилиндеги ырлары»[1]. Бул ырас. Салттуу ыкма менен анын чыгармачылыгын революцияга чейинки жана андан кийинки деп бөлүштүрүп коюуга болор эле, бирок үркүн жылдары акындын чыгармачылыгына өзгөчө таасир эткен. Тилекке каршы, жогоруда айтылгандай Абылкасымдын көркөм-адабий мурастары толук сакталып калган жок. Болгону үч жыл аралыгында, катуу оору экендигине карабастан, айрым чыгармаларын өз колу менен жазып, Билим комиссиясына тапшырууга үлгүргөн. Калган чыгармалары кийин акындын көзү өткөн соң эл ичинен жыйналды.

Жетимчилик менен жокчулуктун азабын тарткан Абылкасым Жутакеевдин акындык шыгы эрте ойгонду. Өспүрүмдүн көргөн-билгени, жан-дүйнөсү, баскан-турган жеринде ырга айланды. Замандаштарынын эскерүүлөрүнө караганда 13–14 жашынан эле көпчүлүк чогулган той-тамашаларда ырдай баштаган, ал эми жыйырмага чамалап калганда кадимки ырчы катары эл оозуна алынып калат. Абылкасымдын алгачкы чыгармалары

[1] Ошондо, 77-бет.

жөнүндө Ш. Бейшеналиевдин мындай деп жазганы бар: «Жаштайынан томолой жетим калса да зээндүү бала кат таанып, китеп окуп… көзү көргөн, жапа чеккен азаптуу турмуштун зарын, көөдөндөгү черин шаңдуу, уккулуктуу доошун созо ырдап да, кагазга түшүрүп жазып да айылдаштарына бала ырчы аталат. Уккандын, окугандын зээнин кейитип, өз тагдырын баяндаган «Жетимдик» деген казалы Абылкасымдын төл башы чыгармаларынан»[1]. Чындыгында эле алгачкы чыгармаларынын мазмунун акындын өз тагдырына байланышкан кейиштүү окуялар түзөт, же «акындын алгачкы чыгармалары автобиографиялык мүнөзгө ээ»[2] – деген ой жөндүү. Акын «Жетимдик» деген ырында:

Таштап кеттиң ата-эне,
Жаш балапан кезимде.
Кайрылган киши жок болду,
Кайгылуу мендей жетимге!
Көйнөгүм жок жылаңач,
Куур тонуп этимде –

деп зар какшап ыйлаган жетимдин элеси көз алдыга тартылса, «Жокчулук» ырында ошол жетим дале жокчулуктун азабында:

Кордугум айтып ырдасам,
Көпчүлүк айып этпегин.
Кол жоорутуп көп чаптым,
Көрүнгөндүн кетменин.
Жабыркатып жокчулук
Неге менден кетпедиң?
Көңүлүмдү кирдетип,

---

[1] Үкүбаева Л. Жазгыч акындардын чыгармачылыгы: Окуу куралы. – Б.: 1994. – 70-бет.

[2] Талеге Ж. Жаңы доордун жарчысы// «Кыргызстан маданияты», 1988, 10-ноябрь.

Жокчулук жаман тепседиң.
Асылба мага, асылба
Сенден кутулуп кетчү кездемин.

Бирок акын жокчулуктун азап-кордугун тартканы менен оптимисттик маанайда, толуп-ташып турган курагында жокчулуктан эртеби-кечпи кутуларына бекем ишенет.

Акындын мындан кийинки чыгармалары деле таптык мүнөзгө ээ, бай-манаптардын зордук-зомбулугун тайманбастан ашкерелеп ырдайт. Муну Чоконун уулу Казы манапка карата ырдаган ырынан ачып көрүүгө болот. Бул ырдын тарыхына бир аз токтоло өтөлү. А.Эсенканов Абылкасымды жакшы билген Ыракманов Шермат карыядан жазып алган экен: «Нарындын аягында Казымбек деген манаптын кызы Эркеторуга Чоконун уулу Казы үйлөнөт. Ошол той Абылкасымга да угулат. Ошого дегдеп барат. Кыз оюнуна аралаша кетип, ырдап жүргөнүн Казы көрүп калат да чакыртат. Абылкасымдын Казынын көзүнө чалдыгып калгандыгы мындан экен: эл алдына чыгайын, кыз оюнуна катышайын деген дымактагы жаш ырчы жаман чапанчан барабы тойго, төөнүн жүнүнөн соктурулган пиязы чепкенинин эки жеңинин учтарына, жакасына кара баркут кыюулатып кийип жүрсө, жарашыгы айда келишкен. Анын үстүнө Казынын кийгени да ошондой кыюуланган пиязы тура. Манаптын жинин бул бир кайнатабы. Экинчи жолу жининин кайнаганы – Казынын айылындагы (кыз оюнуна катышкандар) ырчыларга караганда Абылкасымдын ыр таштаашы маңыздуураак экенин өз кулагы менен угат. Дагы: мүчө-бою оюнга катышкан кыз-келиндердин көңүлүн бурганын да байкайт. Казы ырчынын пиязы чепкенин зордоп отко жактырыптыр, ошондо.

Мындай кордуктан ырчынын бедели түшүп, үнү өчүп калбайт. Ызасы кайнап турса дагы ырчылык кудуре-

ти, жаратылыш берген акындык шыбагасы күчтүүлүк кылат:

Кейип ыйлап көп тарттым,
Кедейликтин азабын.
Кыз оюнунда ырдайм деп,
Казынын көрдүм казабын.
Карматып туруп өзүмө,
Тилинип калды чапаным.
Күйүп ырдап арымдан,
Келбей турат жашагым.
Канткенде унут кыламын,
Казынын салган күйүтүн?
Таң атканча ырдатты,
Тындырбастан күнү-түн.
Туйтунам деп ойлогом,
Ташка чыкты үмүтүм»[1] –

деп ырдаптыр. Эртеси малайынын туш-тушунан жүнү чыккан жыртык чапанын Абылкасымды көздөй жаңсап: «Ал ушуну кийип кет. Сага ушул эле жарашат»[2] – деген экен. Манаптын ичи тардык менен көрсөткөн кордугуна учурунда каяша көрсөтүүгө чамасы келбеген акын:

Урдурдуң го жазыксыз,
Унуткусуз кеп болот.
Ушу кылган кылыгың
Өмүрлүккө кек болот, –

деп, өмүр бою кектей тургандыгын айтат.

Бул турмуштук окуяны дагы башкача кырдаалда баяндап жазгандар бар. С. Байкожоев менен К. Кырбашев «Абылкасым Казыны мактап ырдабай койгондугу үчүн

---

[1] Эсенканов А. Агартуучу да, акын да...// «Советтик Кыргызстан», 1989, 8-февраль.

[2] Эсенканов А. Белгилүү беделге жеткенче// «Нарын правдасы», 1988, 30-сентябрь.

айыпка жыгылган» десе, Н. Жаналиевдин жазганына караганда Казы өзү үйлөнбөй эле карындашын күйөөгө берип жаткан болот. Кандай болгон күндө да эч нерседен кайра тартпаган, курч жүрөк акын ошол учурдагы зордукчул, адилетсиз замандын анык жүзүн ачып отурат. Эзүүчүлөрдүн мындай жоругу Абылкасымдын таптык сезимин андан бетер курчутат, чыйралтат. Кийин Абылкасым Жутакеев «Союз кошчуга» төрага болуп турганда бай-кедейин чакыртып, Ак-Жарда Бурмакенин короосунда жыйын өткөрүп калат. «Ошол жыйынга Чоконун уулу Казы да чакырылат. Жыйынга келген (жеке эле өзү эмес, ал баштагысындай эле беш жигитин ээрчите келиптир) Казы Бурмакенин короосуна кирери менен төр жагында отурган Абылкасымга басып келип:

– Эсиңде бар чыгар, Абылкасым молдо, Эркеторуну алган тойдо мен сенин чапаныңды тууратып, отко жактырганым. Ал ошол замандагы – менин заманымдагы манаптын кыялы экен, азыр көрсөм. Эмки заман сеники болуп турат, ал башкача экен, көрүп-билип жатам. Непаада менин чапанымды дагы ошондой тилдирип отко жактырсаң, сеники да манаптык кыял болуп калат. Манаптык кыял Кеңешке жакпайт тура, аны да билип, түюп жатам. Андан көрө эп көрсөң бул чапанды токулгаңа ичилик кылып алгының, көп бастырасың, атың жоорубайт, – деп үстүңдөгү лампүк чапанын чечип, Абылкасымга сунуптур»[1]. Укканга караганда Казы Алматы, Ташкенден газета алдырып, калтырбай окуган, ошол учурдун сабаттуу, билимдүү адамдарынан болгон. Демек, коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөрдү жакшы түшүнгөн. Кеңеш өкмөтүнүн алгачкы жылдарында бай-манап али алдан-күчтөн тайбаганы менен топ жыйында жаңы бий-

---

[1] Эсенканов А. Агартуучу да, акын да. «Советтик Кыргызстан», 1989, 8-февраль.

Нар... К... № 58250

ликти моюнга алып отурат. Ошондо, «Абылкасым ар-жактан чапаны тытык бир жалчыны чакырып:

– Чеч алдагы чапаныңды – дейт. Ал чапанын чечкен-ден кийин, Казы жакты көрсөтүп:

– Тигини кийип ал, сага жарашчу чапан экен – деп топту карaптыр»[1].

Абылкасым ошол «Кошчу союзунда» (Дыйкандар Союзу) иштеп жүргөндө мектептеги жакшы окуган тиригарак балдарга декламация жазып берип жаттатып, аны жыйналыш башталарда да, аяктаганда да айттыруучу экен. Бир жолу мындай декламация айткамын деп эскерет Мөкүш карыя[2].

Бай-манап,
Малын санап.
Беш тыйын түшсө
Бер деп кычап.
Бай-манап өткөн,
Учтуу тырмак
Сөөккө жеткен.
Туруп чалкалап,
Уруп талкалап.
Ошондо тургансың
Кедей, башыңды калкалап.

Муну менен акын кедей-кембагалдардын көзүн ачып, аң-сезимин ойготуу, активдүүлүккө чакыруу аракетин жасаган.

Таптык мүнөздөгү, ашкерелөөчү ырларынын дагы бири Чойбектин уулу Абдырай, болуштукту талашып элге салык салганда ырдалган. Ырда болуштун чыгымына түтө албай бечара калктын кыйналганын сүрөттөп келип, убалына карабай, калың элди ыйлаткан «кандайча сенин сурагың?» деп суроо таштайт. Абдырай болуш болгондон кийин Абылкасымды айыптап, башка кедейлер менен бирге Жан-Булакка падышалык арыкты чабууга айдап жиберет. Ошондо:

---

[1] Эсенканов А. Ырчылыгы ишмердигине айкалышып... // «Нарын правдасы», 1988, 6-октябрь.
[2] Ошондо.

Касканыбыз кан арык,
Падышалык жаңы арак.
Эки сомдон, бир сомдон,
Эптеп акча табылып.
Жабыр болду жаныбыз,
Алты тыйын акыбыз... – деп ырдаган.

Акын артыкбаш дүнүйө күтпөсө да, жасалгалуу жакшы ат минип, жарашыктуу кийим кийип, аш-той болгон жерден, эл чогулган жыйындан калган эмес. Ошентип эл аралап ырдап, журтка таанылып калган кезинде аты жоголуп, жар чакырып ырдаган экен: «Черик уруусунан Касым дегендин ашы Көчпөстүн-Сазында берилип калат. Абылкасым ошол ашка да барат, бирок анын аты жоголот. Абылкасым Сарт-Кечүү (Ат-Башы) кыштагынын ар бир көчөсүн узун-туурасынан кыдырып жорго чалыш кер ат жоготконун, таап берген кишиге он сом акча берерин (бир кой үч сом турчу экен) айтып чыгат. Атынын дайны чыкпайт.

Түш оогондо айласы түгөнүп бараткан ырчы ат деген эмне экенин, атсыз калганы шордун катканын – Ак-Куладан ажыраган Манастын, аттан ажыраганда Төштүктүн, Курманбектин, Табылдынын кандай күндө калганын кошуп ырдайт. Абылкасым атынан ажыраганда так ошолордун кейпин кийип каларын айтып, кайрадан көчө кыдырып кириптир. Кеч бешим ченде бир уйгур жигит ырчынын атын ээр токуму менен жетелеп чыгып берди дейт. Аттан ажыраган акындын эмне күндө болоорлугун көркөмдөп айткан ырчынын өнөрүнө ууру туруштук бере албаптыр»[1]. Абылкасым бул ырында жоголгон аттын өңү-түсүн, сымбатын, үстүндөгү токулгасын, жүгөн-куюшкан жасалгаларына чейин өзгөчө чеберчилик менен сү-

---

[1] *Эсенканов А.* Агартуучу да, акын да...// «Советтик Кыргызстан», 1989, 8-февраль.

рөттөп бере алган, ал турсун бере турган сүйүнчүсүнө чейин тактап айтат.

Кең Көчпөстүн сазында,
Эр Касымдын ашында.
Жорго кер ат жоготтум,
Жүгөнү бар башында.
Көрүп билген жан болсоң,
Айтып бергин жашырба...
Жоош эле жаныбар,
Коё берсе качпаган.
Жолго салып бастырса,
Жоргосунан жазбаган.
Жаныма жолдош болот деп
Жайы-кышы таптагам.
Анжыян эле ээрим,
Төө тери менен тыштаган.
Куюшканы бар эле
Ак кайыштан тасмадан.
Көмөлдүрүк тагылуу
Күмүш, жезден чаптаган.
Атымды таап бергиле.
Он сом берем акчадан.
Буттары типтик казыктай.
Жоргосу бар басыктай.
Семиз эле жаныбар,
Чөйчөгү бар кашыктай.
Колтугунда агы бар,
Басмайыл өткөн тагы бар...
Уурдап алсаң кайтып бер,
Көрүп калсаң айтып бер,
Белгилери ушундай.

Келтирилген үзүндүдөн улам көрүнүп тургандай бул мезгилде акындын сүрөткерлик чеберчилиги артып,

чыгармачылык жактан кыйла такшалып калгандыгын байкайбыз[1]. Жогоруда айтылгандай, акын айласы кеткенде элдик эпостордогу баатырлар аттан ажыраганда кандай күндө калганын тизмектеп ырга кошкон. Бул ыр өтө узакка ырдалган дешет. Бирок толук сакталган эмес. Ал «Манас» эпосунан «Каныкейдин арманы», «Алмамбеттин арманы», «Манас менен Кыз Сайкалдын сайышы» деп «Манастын» обону менен көпкө ырдачу эле дешет билгендер. Мындан сырткары дастандардан «Жанчарканды» («Муңдук-Зарлык»), «Кыз Жибекти» узакка айтчу экен. Аталган эпосторду «менин энем Сакиш Татамыр кызы жомоктоп, кээ бир жеринен бир-эки сап ыр кошуп, атаң айтчу деп мага айтып берчү»[2] – дейт акындын уулу Союз. Демек, Абылкасым Жутакеев элдик дастандарды, жалпы эле эл оозунда айтылып жүргөн оозеки чыгармаларды жакшы билген.

Абылкасым Жутакеевдин өмүр-тагдыры «Үркүн» жылдарына туш болуп, «Качак турмушу» аттуу чыгарма жаралды. Бул көлөмдүү чыгарма төмөнкүдөй үч бөлүмдөн турат:

1. Үркүп элдин Кытай элине көчкөнү.

2. Качкандардын Кытай элине баргандагы соңку абалы.

3. Кытай жеринен качактардын кайра келгенден соңку абалы.

Кол жазманын акырында «Токтосун ырчынын кошумчасы Үркүн» деп Абылкасым өзү улап жазган кошумча ыр саптары (160 сап) бар. Акындын жарык көргөн ыр жыйнактарында, изилдөөлөр менен макалаларда бул чыгармасы майда темаларга ажыратылып, «16-жыл»,

---

[1] *Укүбаева Л.* Жаагыч акындардын чыгармачылыгы. Окуу куралы. – Б.: 1994. 78-бет.

[2] Абылкасым Жутакеевдин уулу Союз Абылкасымов жазып калтырган материал. 1993-жыл./Өздүк архив, 14-бет.

«Качак турмушу», «Кайран эл», «Кайткан эл» деп аталып жүрөт.

Учурунда 1916-жылдагы кыргыз элинин улуттук-боштондук кыймылы кыргыз адабиятындагы туруктуу темалардан болуп калган эле. А. Жутакеев да ушул темага кайрылып, кыргыз элине кыргын алып келген көтөрүлүштү, Кытай жерине үркүп кирген элдин оор тагдырын, көргөн кордугун, тарткан азабын абдан элестүү, көркөм боёктор менен көз алдыдан өткөрөт.

Эл качканда эңгиреп,
Эгин калды басылуу.
Кайнап турган жеринде,
Казаны калды асылуу.
Таңылчактын баарысы,
Талаада калды жазылуу... –

деп баардыгын таштап, шаша качкан элди сүрөттөсө, кайран элдин Кытай жериндеги тагдырын, шору каткан элдин көз жашын төмөнкүдөй ыр саптары менен жеткирет.

Качып барып Турпанга,
Кайран кыргыз кор болду.
Өлгөнүнөн калганы,
Өз жерине зар болду.
Өлүк көмөр жер таппай,
Кытай жери тар болду.

Абылкасым Жутакеевдин аталган чыгармасы бардык жагынан алып караганда жазгыч акын Ысак Шайбековдун чыгармасына («Азган эл», «Кайран эл», «Кайткан эл») окшошуп турат. Мындай окшоштукту «негизинен бир гана нерсе менен түшүндүрүүгө болот. Абылкасымдын чыгармасынын Ы. Шайбековдун поэмасына окшоп, бирдей сюжеттик эриште, бирдей композициялык ыраатуулукта, кала берсе бирдей поэтикалык ыкмада жара-

лышына турмуш өзү себепкер болгон»[1], «негизги окшоштукту чындыктын өзүнөн издешибиз керек. Кыргыз элинин көз алдында өтүп жаткан чындык окуя, аянычтуу көрүнүштөр чыгарманын жаралышына себепкер болгон. 16-жылга арналган бул чыгармалардын айрым окшоштугуна карабастан өзүнчө идеялык жана көркөмдүк мааниге ээ ырлар катары карообуз оң»[2] – деп жазат адабиятчы С. Байкожоев. Албетте, чыгармалар жалпы окшоштуктар менен бирге өзгөчөлүктөргө да ээ. Адабиятчы К.Кырбашев «ал өз көз карашын өзүнчө, «Жутакеевче» формада берүү менен Ысактын поэмасын толуктап, анын идеясын андан ары улантып эл турмушунун көрүнүшүн көркөмдөп сүрөттөй алган»[3] десе, «ошол үркүндү, үркүндүн азап-тозогун өз көзү менен көрүп, турмуш сүрөттөрүн өз боёгу менен тарткан»[4] – дейт К. Маликов. Ал эми окумуштуу Л. Үкүбаева эки акындын чыгармалары мазмундук, сюжеттик-композициялык жагынан бири-бирине үндөшүп турганы менен алардын көркөм-эстетикалык наркы бирдей эмес экендигин белгилейт. «Акын Ы. Шайбековдо 16-жылдагы окуянын драматизми курчураак сүрөттөлүп, поэма элеске, образга бай, көлөмү да чоңураак. А. Жутакеевдин аталган темадагы чыгармалары тууралуу минтип айтуу кыйын. Ошентсе да автор мүмкүн болушунча 16-жылдагы тарыхый окуяны реалдуу чагылдырууга араттенген»[5] – дейт. Бул калыс айтылган пикир. «Качак турмушунун» кыргыз адабиятында өз орду, өз жүгү бар.

---

[1] *Байкожоев С.* Жазгыч акындар. – Ф.: 1959, 56-бет.

[2] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф.: Илим, 1988, 387-бет.

[3] Кыргыз адабиятынын тарыхы. 4-том. – Б., 2002.

[4] *Маликов К.* Кыргыздын таланттуу акыны // «Кыргызстан маданияты», 1975, 7-август, 12-13-бет.

[5] *Үкүбаева Л.* Жазгыч акындардын чыгармачылыгы. – Б., 1994, 79-бет.

Ошентип тирүүлөй тозокту өз көзү менен көрүп, өлдүм-талдым дегенде өз жерине жеткен Абылкасым жаңы заманды көргөндө, төбөсү көккө жете сүйүндү. Адилетсиз заманды алынын келишинче ашкерелеп ырдап келген «көк уйчан ырчынын» күчүнө-күч, демине-дем кошулду.

Көк өгүз минип мен келип,
Көтөрмөнү ашып сенделип.
Тойго келсем атайын
Өгүзүмө жем берип.
Жыргатты мени балшевик
Өзүмө кубат дем берип –

деп, акын өз кубанычын жашырбай, жаңы заманды жаркыраган маанайда, кучак жая тосуп алды. Совет бийлиги эл турмушун түп-тамырынан өзгөрттү, жаңыча жашоо башталды. Абылкасымдын ырларынын идеялык-тематикалык мазмуну, ал турсун чыгармаларынын аттары да таптакыр өзгөрүп, Октябрдын жеңиши, жаңы заман, анын жетекчиси В. И. Ленин башкы тема болуп калды. Абылкасым «кыргыз элинин улуттук укугу колуна тийгенде, ошол жылдарды өз кайгы-кубанычы менен, санжыра салтанаты менен келиштире ырдап чыккан акын»[1] – деп баалайт К. Маликов.

Ошол учурда алгачкылардан болуп агартуу майданында, кийинчерээк советтик-чарбалык кызматтарда иштеп, жергиликтүү жетекчилердин бири болгон А. Жутакеев Совет бийлигине, компартиянын ишине жан дили менен берилген. Анткени акын, келген замандын жакшы жактарын, артыкчылыгын сезди, улуу бурулуш, катаал кырдаалды, коомдогу саясий-социалдык абалды туура түшүнө алды. Ошондуктан анын чыгармачылыгы учур талап эткен жаңыча нукка түштү, революциялык идеяга суга-

---

[1] *Маликов К.* Кыргыздын таланттуу акыны // «Кыргызстан маданияты», 1975, 7-август, 12-бет.

рылды. Акын коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөр менен жаңылыктарды дароо баамдап, өз учурунда тез чагылдыргандыктан, анын ырлары «кыргыз коомунун кандайча өзгөрүп жатканын өтө так баяндаган хроника, бардык кыймылды эсепке алган календарь сыяктуу сезилет»[1] – дейт окумуштуу Жаки Таштемиров. Чындыгында эле мунун баарын анын калеминен жаралган чыгармалары кашкайта далилдеп турат. Ырлары негизинен саясий-агитациялык маанайдагы үгүт-насаат, чакырык түрүндө болуп, идеялык-көркөмдүк деңгээли да тереңдеп, улам салмактуу чыга баштаган. Акындын «Ленин», «Ыракмат тууган энеге», «Ленин копогу», «Коммунисттик партия», «Союз кошчу» сыяктуу чыгармалары бул ойду ырастайт.

Аталган ырларында акын эмгекчилердин жол башчысы В.И. Ленин кедей-кембагалдардын бактысына туулгандыгын карапайым калкка түшүндүрүү менен алек. Ал эски-жаңы заманды салыштыра келип:

> Мындай бейпил жай турмуш,
> Болгон эмес дегеле.
> Лениндей баатырды,
> Ыракмат тууган энеге –

дейт. В.И. Ленин кандуу тырмак чеңгелден куткарды, ошондуктан «казал кылып ырдайлы, калк окусун дептерден» деп жазат. Кедейдин өткөн турмушун эске алып, «падышалык бузулуп, байлардан жарды кутулганын» айтып, элет кыргызына илим-билим үйрөтүп, келечекте жакшы турмушка жеткире турган компартиянын түбөлүктүүлүгүн, аманчылыгын тилейт. Эл-журтка эркиндик тийип, кедей-кембагал бийликке келип, калк жашоосу оңоло баштаганын акын кубануу менен баяндайт. Өлкөдө болуп жаткан өзгөрүүлөр, элди кубанткан жаңылыктар менен жетишкендиктер, теңчилик заман, таалайлуу жашоо-турмуш Ленин менен компартиянын камкордугунун натыйжасы деп, бардык жакшылыктарды партия менен Лениндин ысымына байланыштырат.

Акындын Совет доорунда жазган алгачкы чыгармаларынын бири – «Ленин кошогу». Ырас, буга чейин деле жаңы заман, анын жол башчысы Ленин жөнүндө эл алдында ырдап жүргөнү айтылат. Учурунда акындар поэзиясында классикалык чыгармага айланган бул кошоктун эки варианты жарыяланып жүрдү, бирок эки эле эмес, бир канча варианты болушу мүмкүн дешет[1]. Бул чыгарманын жарыкка чыгышы жөнүндө да бир беткей пикир жок. С. Байкожоев 1924-жылдары жазылганы менен 1937-жылга чейин басма жүзүн көргөн эмес десе, Ш. Бейшеналиев 1924-жылы, К. Маликов менен Ж. Койчуманов 1925-жылы жарык көргөн деп жазышты[2].

В. И. Лениндин өлүмү эл менен бирге акындын өзүн да зор кайгыга салып, колуна калем карматкан окшобойбу. 1924-жылы кыш бою Абылкасым чачын алдырбаганын, «жарыктык чачыңыз өсүп кетиптир» дегендерге Ленин атага менин аза күткөнүм ушул» деп жооп бергенин айтат Шермат карыя[4] «Ленин кошогу» ошол мезгилдеги «тоолук кыргыздардын саамалык оозанган ууз чыгармаларынын бири болгон»[5]. Элдик ырлардын үлгүсүнө салып, кошок формасында жазылган бул чыгармада Лениндин революциялык ишмердүүлүгүн ар тараптан баяндап, айта келип, кедей-кембагалдарга азаттык алып

---

[1] *Таштемиров Ж.* Абылкасым Жутакеев // Ленин кошогу. – Ф.: «Кыргызстан», 1974, 6-бет.

[2] *Эсенканов А.* Агартуучу да, акын да...// «Советтик Кыргызстан», 1989, 8-февраль.

[3] *Байкожоев С.* Жазгыч акындар. – Ф.: 1959, 68-бет; Бейшеналиев Ш. Алгачкылардын бири // «Кыргызстан маданияты», 1988, 10-ноябрь; Маликов К. Кыргыздын таланттуу акыны // «Кыргызстан маданияты», 1975, 7-август; Койчуманов Ж. Жаңы заман жарчысы // «ленинчил жаш», 1987, 26-май.

[4] *Эсенканов А.* Ырчылыгы ишмердигине айкалышып... // «Нарын правдасы», 1988, 6-октябрь.

[5] *Бейшеналиев Ш.* Алгачкылардын бири // «Кыргызстан маданияты», 1988, 10-ноябрь.

берген жол башчыны жоктойт, эл башына түшкөн оор кайгыны сүйрөттөйт.

Кейитип алды табигат,
Кедейлердин атасын...

Эки жылы чырмаган,
Илдет экен ооруңуз.
Алтымыш жашап өлбөгөн,
Адагы биздин шорубуз...
Кайгырабыз артыкча,
Казак. кыргыз тобубуз.
Эстегенде Ленинди,
Эзилет дал боорубуз...

Бирок Ленин дүйнөдөн өтсө да анын жолун улантып кете турган партия бар деп билет жана анын айланасына баш кошуп, Лениндин ишин улантууга үндөйт.

Акын өз колу менен жазып калтырган ири көлөмдөгү чыгармасы – «Үч доор» поэмасы. Поэма үч бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүм «Орус падышалыгына карай электеги кыргыз турмушунун ыры I доор» деп аталат. Акын адегенде эле «феодалдык доордун суук иреңин көз алдыбызга келтирет»[1]. Россияга кошула элек мезгилдеги «көпчүлүгү күч менен азчылыгын чабышып», «илим-билим жогунан, ит-бөрүдөй кабышып», уруу-уруу болуп жаатташкан, эгин айдаганды, алгы-берги сооданы билбей, бай-манабы башкарган, «май чүпөрөк шам жагып, мазар көрсө таң калып», бакшы-молдолорго алданып, эски салтка байланып жашап келаткан караңгы калктын жашоо шартын, жалпы коомдук кырдаалды баяндап өтөт. Бирок, акын биринчи доорду «калктын көзү ачылса, кала берет бул жумуш» деп аяктайт. Демек, калк илим-

[1] *Маликов К.* Кыргыздын таланттуу акыны // «Кыргызстан маданияты», 1975, 7-август, 12-13-бет.

билимге ээ болуп, аң-сезими жогоруласа, бул турмуш өзгөрөт, жашоо жаңырат деген ойдо.

Поэманын экинчи бөлүмү «Орус падышалыгына карагандан кийинки кыргыз турмушунун ыры II доор» деп аталат да, анда кыргыз элинин Россияга кошулгандан кийинки доору сүрөттөлгөн. Мында деле эл турмушу өзгөрбөй, мурдагы калыбында кала берди.

Ак падыша орусу,
Оп тартканда соруучу.
Бий, старчын, болушу,
Бечарага чоң ушу.
Кара таман кедейдин,
Кактабай канын соруучу...

Ат менен чапан айыпка,
Теңдик бербей зайыпка.
Өлсө дагы көз салбай,
Чолок, мунжу, майыпка...

Бий, старчын элин жеп,
Кыбыраган жерин жеп.
Малай менен жардынын,
Маңдайынын терин жеп...

Жогорудагы ыр саптарынан көрүнүп тургандай эки кабат эзүүдө калган элдин абалы поэмада өтө элестүү, образдуу сүрөттөлгөн. Уруучулук чыр-чатак, таптык жиктелүү күч алып, арызданып келген кишиден тогуздап айып алып, ак-караны ылгабай бийлер пара жеп, «калың малы жүздөн кой, катын албай кедей бой» болуп, жазында беш кой, күздө он сом кедейге чыгым салып, «жалпы кыргыз жапайы, жабырлык көрүп» турган чакта калыстыктан кеткен ак падышанын башынан бактысы тайып, аңтарылып сулаганын, манап, төрөлөрдүн жогол-

гондугун, эми тап күрөшү күч алып, кедей кыймылы жандана баштаганын жар салат. Окумуштуу Л. Үкүбаеванын пикирине караганда поэманын бул бөлүгү айрым бир кайталанган ойлордун орун алганына карабастан, тарыхый процессти реалдуу, көркөм чагылдырып, акындык чеберчиликтин бийик деңгээлинен кабар берет. Бирок ошондой болсо да, Россияга биригүүнүн прогрессивдүү, жакшы жактары да болгондугун акын жеткире түшүнө бербей, жалаң эле падышалык өкмөттүн эзүүчүлүк саясатын ашкерелей берген. Ушунун өзүн поэмадагы негизги кемчилик катары карашат изилдөөчүлөр[17].

Үчүнчү бөлүм «1916-жылдан тартып, 1926-жылга чейин кыргыз турмушунун ыры. III доор» деп аталат. Бул бөлүмдө акын жаңы заман, жаңы доордогу кыргыз турмушун чагылдырууну максат кылса да, 1916-жылдагы өткөөл мезгилди, үркүн жылдарын, эл башына түшкөн кайгылуу окуяны аттап кете алган эмес. Бул окуяга акын азыраак эле токтолуп өткөнү менен калк башына түшкөн кайгы-муңду өтө таамай сүрөттөй алган. Андагы ыр саптары «Качак турмушундагы» окуялар менен жуурулушуп, аны толуктап тургансыйт. Андан ары акын Совет бийлигинин алгачкы жылдарында кыргыз жергесинде өтүп жаткан жаңыча турмуш процессин көркөм баяндап берүүгө аракеттенет. Буга чейин боройлоп, «бороон менен шамалдар» болуп өткөнүн, эми болсо «жоон карын байлардын жолу тосулуп», батрактардын зор болгондугун, «туура жолго кирбеген, кедейди көзгө илбеген», «чиновник менен тилмечтер» жоголгонун айтат, шору кеткен кедейлерди туура жолдон адашпоого чакырат. Кантсе да качандан бери караңгылыкта келаткан калың элдин революциячыл жаңы заманды анча толук түшүнө албай жаткан түркөйлүгүн баяндап ырга кошкон.

Окуу жайын бүтүрбөй.
Теңдик эмне түшүнбөй.

Армандуу жүргөн абдан көп,
Жаңы турмуш күтүнбөй.

Ал турсун:

Партия жолун биз билбей,
Баштыгыбыз иш билбей...
Парт ишкөлдү бүтүрбөй,
Закүн билип күтүнбөй...

жүргөн жетекчилерди сынга алып өткөн. Анан да «Жармадай ичкен арагы, жалпы журтка тараганы» акындын зээнин кейитет. «Мурун жетип камынып, кой терисин жамынып» партияга киргендер, «алдап мандат алып, элге бүлүк салгандар колго түшүп, жок болуп бараткатанын кубануу менен кабарлайт. Өзгөрүлгөн заманда элдин жашоо-турмушуна көп жаңылыктар кирди: «Калың берип, мал алып, зордук нике кыюуну» токтотту, элге салык салган «бузукуларды жойду», шылуундар менен жаатчылардын «тамыры чирип куруду», «туура жолдон чыккандар, тузакка мойну илинди». Ошентип бул бөлүмдө «бузуктун баары жоголуп, букаранын оңолгону», кыргыз эли өзүнчө Республикага ээ болуп, эркиндик-теңдикке жеткендиги жөнүндө сөз болот. «Үч доор» поэмасы кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолун реалдуу чагылдырган көркөм чыгарма десе болот.

Абылкасым Жутакеев отуз алты жашында катуу ооруга чалдыгып, өмүрүнүн акырына чейин азап чеккен, бирок иштеген ишин, чыгармачылыгын таштаган эмес. Ооруга кор болуп, жашоо түйшүгүн тарткан акын «Кесел кедейдин арманы» деген чыгармасын жараткан.

Жаны таза жүргөндө,
Жардымын деген мас экен...
Тазалык дөөлөт чоң экен,

---

[1] *Укубаева Л.* Жазгыч акындардын чыгармачылыгы. – Б., 1994. 85-бет; Байкожоев С. Жазгыч акындар. – Ф.: 1959, 65-бет.

Ооруган киши кор экен.
Аман болсо алты сан,
Андай байлык жок экен...

Демек, акындын оюна караганда, байлыктын байлыгы – ден соолук. Айыгып кетсе бардыгы макул, бардыгына кайыл эле. Майрык чокой, айрык чапан кийип, эшек минип, тезек терсе, бутуна чарык тартынып, жыңайлак басса деле армансыз болмок.

Басканда белим сынгандай,
Мусапыр оору кылгандай.
Падыша болгон оорудан,
Малайлык таза жыргалдай –

экен. Оору акыл-эстен адаштырып. кубатымды кетирди, «ушу кезде менден тың, сексендеги абышка» дейт. Ден соолугум калыбына келип, кабагым ачылар күн барбы?, «дабаа тилеп дартыма, тилек кылам жасаган» деп жаратканга жалбарат. Канткен менен да акын келечектен үмүтүн үзбөйт.

Болду эми мага жабышпа!
Басып бутум арышта.
Айыгамын деп турам,
Ажырап сенден калышка –

деп айыгып кетерине ишеним артат. Бирок оору күчөгөндөн-күчөдү:

Күчөдү оорум чыдатпай,
Былтыркыдан быйыл да.
Калганым ушул болобу,
Катыша албай жыйынга?
Кайрылып жардам сурадым,
Кызыл крест уюмга.
Кейиштүү кесел дартынан
Кетмек болдум Кырымга –

деп, Крымга дарылануугa жөнөп, кайра кайтпай калды.

Башка акындар сыяктуу эле Абылкасым да жаратылыш темасына кайрылып, кыргыз жеринин кооздугун көркөм сүрөттөп, ырга айланткан. «Эркин-Тоо» деген ырында эзилген кыргыз баласы, «Лениндин баанасы» менен эми гана катарга кирип, эркиндик-теңдик алганын айтып келип, эмгек кылса берекесин төккөн Чүйдүн сары талаасын, каалганы табылчу Бишбек калаасын, айтылуу Токмок, Кеминди. кара кыргыз калкына керек Ысык-Көлдү, Суусамыр менен Соң-Көлдү, Кочкор-Ата, Кызартты, Ат-башы менен Нарынды, Ак-Сай менен Арпаны, Коңур-Өлөң, Ала-Баш, Кара-Кужур, Кара-Саз, Солтон-Сары, Соку-Баш өңдүү жерлерди сыдыра санап, ар бир жердин ажайып кооздугун, берекеси төгүлгөн жаратылыш байлыгын, түркүн жан-жаныбарлары менен канаттууларын бөтөнчө бир чыгармачылык эргүү менен көз алдыга тартып өтөт. Ушул жерди жердеген берекелүү, ток пейил элдин каада-салтына сыймыктанат. Акындын өз оюу, өз максаты бар: бул «казалын» «Эркин-Тоону» жердеген элге арнап, анда жашаган элди эмгектенүүгө чакырат:

Эрикkенде жазарым,
«Эркин-Тоо» деген казалым.
Эркин-Тоону жердеген,
Эл үчүн арнап жазамын.
Эзилген кыргыз баласы,
Эми ачылды базарың.
Мээнетиң кетпейт бекерге,
Эмгектенип жашагын!

Азыркы замандын адамга кылган мамилесин «Азыркы өкмөт адамды, Алдейлеп сүйөт баладай» деген эки сапка батырып, чыгармасын аяктайт. Белгилүү адабиятчы Л. Үкүбаева акындын бул чыгармасын «көркөм иште-

лиши боюнча бардык чыгармаларынан бийик турган чыгарма»[1] деп калыс баа берген.

Буга чейин жарык көргөн эмгектерде А. Жутакеев «колуна комуз алып, эл арасында төкмөлүк өнөрүн да көрсөтө алган» деп жазышат[2]. Акындын уулу Союздун жазып калтырган маалыматтарына караганда атасы комуз черткен эмес, бирок төкмөлүк өнөргө ээ болгон. Обону бийик, уккулуктуу, ырлары уйкаш жана жагымдуу эле дешет көрүп-билгендер. Ат-Башынын Кашкулак деген жеринде Абылкасым бир үйгө келип конуп калат. Айылдагылар чогулуп ыр угуп олтурушат. Казан асылып, эт салынат. Эт менен кошо картошка бүкүлү бойдон бышырылат. Чыгарып келгенде бир картошканы алып, оозуна салайын десе, колунан жылмышып түшүп кетет. Ошондо Абылкасым:

Кашкулакта чериктин,
Картошкөдөн майы бар.
Кармай калса булт берген.
Кандай тамак жаныбар –

деп ырдап жиберет. Отурган эл күлүп калат. Бир күнү Коңурбай молдо экөө бирөөнүн тоюна кечигип барышат. Аларга эки күң жилик, арка-моюн, ичеги-карын тартылат. Коңурбай молдо таарынып, эт жебей олтуруп алат. Анда Абылкасым:

Эки түгөт күң жилик,
Ар мүчөдөн кем жилик.
Кошуп тартты каранды,
Коңурбай молдо таарынды.

---

[1] *Үкүбаева Л.* Жазгыч акындардын чыгармачылыгы. – Б.: 1994. 92-бет.

[2] Кыргыз адабиятынын тарыхы. 4-том. – Б., 2002, 377-бет; Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф.: «Илим», 1988, 356-бет.

Сорпо келди чөйчөккө,
Айта кетем көчөккө –

деп ырдаптыр («Көчөк» – Жан-Булакта жашаган уруктун аты). Башкасын айтпаганда да, аты жоголгондо бир күнү кечке жар чакырганы, 1918-жылы 7-ноябрда Нарында өткөрүлгөн салтанаттуу жыйында Ленин менен Кеңеш өкмөтүнө арнап эл алдында ырдаганы Абылкасымдын төкмөлүк касиетке ээ экендигин ырастап турат.

Жазгыч акындардын чыгармачылыгы бардык жагынан алып караганда оозеки чыгармачылыкка жакын келет. Мындай көрүнүш Абылкасым Жутакеевдин чыгармачылыгына да тиешелүү. Анын чыгармалары өзүнүн мазмуну, формасы, ыр уйкаштыгы, муун өлчөмү, сүрөттөө өзгөчөлүгү, көркөм сөз караштары жагынан алганда элдик ырлардан кескин айырмаланбайт. Акын салыштыруу, эпитет, метафора өңдүү элестүү көркөм сөз каражаттарын сейрек колдонот, көрүнүштү өтө эле коодоп, көбүртүп-жабыртып жибербей, кандай болсо ошол калыбында сүрөттөйт. Ошентсе да, акын айтайын деген оюн кайра кайталап, тигил же бул көрүнүштү майдалап түшүндүрө берип, айрым ырларынын көлөмүн ыксыз узартып жиберген учурлары бар. Муну изилдөөчүлөр туура баамдап, объективдүү баа беришкен.

Абылкасым Жутакеев өз мезгилинин чен өлчөмүнөн алганда прогрессивдүү, алдыңкы көз караштагы, билимдүү адамдардын бири, табият тартуулаган акындык таланты бар чыгармачыл инсан катары түйшүк тартып, кыргыз адабиятында акындар поэзиясын толуктай турган баа жеткис адабий мурас калтырган.

Абылкасым Жутакеевдин 130 жылдыгына карата даярдалган бул жыйнак эки бөлүмдөн турат: Биринчи бөлүмгө акын өз колу менен жазып калтырган жана азырка чейин эл арасынан жыйналып келген чыгармалары кирди. Өз колу менен жазган чыгармалары оңдолгон жок, кандай болсо дал ошондой өзгөртүүсүз берилди.

Ал эми экинчи бөлүмгө Абылкасым Жутакеев жөнүндө жазылган илимий багыттагы иликтөөлөр жана мезгилдүү басма сөз беттерине жарыяланган макалалар топтолду. Албетте бул жерде жарыяланып жаткан материалдардан тышкары учкай маалыматтарды ар түрдүү энциклопедиялардан, кыргыз адабияты боюнча маалымат бере турган басылмалардан, монографиялык эмгектерден, окуу китептеринен табууга болот. Айрым чыгармалары «Кыргыз поэзиясынын антологиясы», «Мурас», «Хусеин наама» сыяктуу бир катар жыйнактарга, хрестоматияларга басылып чыккан.

***Ибраимов Кубат,***
*филология илимдеринин кандидаты, доцент*